**Москванын жана жалпы Орусиянын Патриархы КИРИЛЛДИН архипастырларга, пастырларга, диакондорго, монахтарга жана Орус Православ Чиркөөсүнүн бардык ишенимдүү балдарына Пасхалык кайрылуусу**

*Кудайдын баласы аталуу жана болуу үчүн,*
*бизге Атабыз кандай сүйүүнү тартуулаганын караңыздар*
.
(1 Ин. 3, 1)

**Кудайдын сүйүктүү архипастырлары, урматтуу пресвитерлер жана диакондор, кудайды сүйгөн иноктор жана инокиндер, кымбаттуу ага-инилер жана эже-карындаштар!**

**ХРИСТОС ТИРИЛГЕН!**

Бул кубанычтуу жана жашоону ырастоочу сөздөр менен, кымбаттууларым, бардыгыңыздар менен амандашам жана улуу жана куткаруучу Пасха майрамы менен куттуктайм.

Бул ыйык күндө Чиркөө улуу окутуучу олуя Григорий Богословдун айтуусу менен, *майрамдардын майрамын жана салтанаттардын салтанатын белгилейт.* Анын терең руханий мааниси ушунда камтылган, болбосо *“Күн жылдыздардан жогору тургандай эле, Пасха адамзаттын жана жердеги гана эмес, Христ үчүн жасалган бардык салтанаттан жогору турат”* (45-сөз. Ыйык Пасхага карата). Адамзатты куткаруу тарыхында маанилүү окуяга айланган, Жараткан Иисус тирилишинде биздин ишенимдин түпкү мааниси жана терендеги маңызы, дүйнөгө христиан кайрылуусунун өзөгү жана кубаттуу күчү камтылган. Бул күндөрдөгү биздин бардык үгүт эки сөзгө гана батырылат. *«Христ тирилди! – Муну айтып, башка эмне айта алам? Баары айтылды!»* – дейт олуя Филарет, Москва митрополити (Ыйык пасха күнүнө карата сөз, 1826-жыл 18-апрель).

Адамдын күнөсүнөн кийинки адамзаттын тарыхы – бул жакшылыктын жамандык менен үзгүлтүксүз күрөшүнүн тарыхы. Жаратканды укпай, адамдар өздөрүнүн жашоосуна жана дүйнөгө жамандыкты, аны менен бирге кайгыны жана ооруну, жалганды жана өлүмдү алып келишти. Бирок, эң башкысы, жамандык адамдарды Кудайдан ажыратты, Ал жамандык кылган эмес жана жалгандан алыс болгон. Бир дагы такыба бул каргашалуу ажырашууну, бул зор руханий туңгуюкту жеңе алган эмес, анткени муну адамдын күчү менен жасоого мүмкүн эмес. Ошондуктан, чиркөө кызматкери Григорий Богослов айткандай, *«биз аман калуу үчүн, кубулган жана өлө турган Кудайга муктаждыкка ээ болдук»* (45-сөз. Ыйык Пасхага карата).

Башкача айтканда, Христтин тирилиши адамдын органикалуулугу жеңилип жана Кудай менен биригүү аракети ишке ашкан, түбөлүккө болгон умтулуу болду. Пасха – бул Жаратkандын адамдарга карата чексиз сүйүүсүнүн салтанаты, *“Кудай дүйнөнү ушундай жакшы көргөндүктөн, Ага кынтыксыз ишенген, өлбөй, бирок түбөлүк жашоого ээ болгон Өзүнүн Жалгыз Уулун берген”* (Ин. 3, 16).

Ооруга жана азаптарга жык толгон, согуштан жана жаңжалдардан алсызданган, жек көрүү жана каардуулук өкүм жүргөн дүйнөдө Пасханы майрамдоо деген эмнени түшүндүрөт? Өлүм ар бирибиздин жердеги жашообуздун айкын аякташы болуп калганда, “өлүмдү өлүм менен оңдоп жана табыттагылардын кардын тойгуз” деп ырдоо эмнени түшүндүрөт? Албетте, Пасха Ааламда өлүмдүн реалдуу бар экенин жокко чыгарбайт, бирок жердеги жашоодо адам тарткан оору жана кайгы эми бизге, анын окуучуларына жана жолун улантуучуларга түбөлүк жашоого ээ болууга үзүлбөс үмүт берген, Жараткан Тирилткен Иисус тарабынан жеңилет. Өлүм мындан ары биз, христиандар, үчүн – ажырашуу эмес, Кудай менен кубанычтуу жолугушуу жана кошулуу.

Христос, *өлгөндөрдүн биринчиси* (1 Кор. 15, 20), жамандыкты жана өлүмдү жеңүүнүн жападан жалгыз мүмкүн болгон жолун көрсөттү. Бул сүйүү жолу. Бул сүйүү тууралуу биз бүтүндөй дүйнөгө жар салышыбыз керек. Биринчи кезекте жеке жашообуздун мисалы менен жары салышыбыз керек, *эгерде өз ара сүйүүгө ээ болсо, ошол аркылуу биз Куткаруучунун окуучулары экенибизди билишет* (Ин. 13, 35).

Апостол Павелдин айтуусу боюнча, сүйүү *мыктылыктын жыйындысы* (Кол. 3, 14), – бул эң жогорку жана улуу христиан изгилигинин бири. Түбөлүккө өтүү менен, биз Жараткандын Өзүн көрүүгө жаралганда, биздин дин билимге айланат, ал эми Кудайдын ырайымы менен куткарууга болгон үмүт ишке ашат. Бирок *сүйүү эч качан токтобойт* (1 Кор. 13, 8) жана эч качан өзгөрбөйт.

Олуя Игнатий (Брянчанинов) *христианчылыктын жетишкендиги жакынына болгон таза сүйүүдө турат*, деп жазат (Аскетикалык тажрыйбалар. Жакынына болгон сүйүү жөнүндө). Ал эми “таза сүйүү” деген эмне? Бул тааныш эмес адамдарга болгон, жаман адамдарга жана да душмандарга болгон сүйүүгө чейин созулган сүйүү. Бул курмандык сүйүүсү, ал бардык адамдын аң-сезиминен ашат, анткени күнүмдүк жашоо логикасынын алкагына батпайт. Ага Кудайды урматтоого тарткан жана бизге жек көрүүгө сүйүү менен жана жамандыкка жакшылык менен жооп берүү мүмкүнчүлүгүн тартуулаган, руханий жеңиш аркылуу жетүүгө болот.

Христ дал ушундай сүйүүнү бизге берген, биздин амандыгыбыз үчүн жан чыдагыс басмырлоону, кресттеги азапты жана кыйналган өлүмдү баштан кечирген. Анын баарын жеңген жана баарын толуктаган сүйүүсү менен тозок талкаланып, ал эми бүтүндөй адамзаты үчүн акыры бейиштин дарбазасы ачылган. Жашоонун ар кандай жагдайларында биз иллюзорн каардуулугунун күчү анчалык чоң эместигин, бирдиктүү булагы Кудай болгон, сүйүүнүн жана боорукерликтин күчү менен тең келе албай турганын эстен чыгарбашыбыз керек. Жамандыкка жана жалганга жакшы жооп жана каршы туруунун анык каражаты – биздин чыныгы жана жүрөктүн тереңинен чыккан сыйынуубуз, жана биринчи кезекте – кудайга сыйынуу менен храмда айтылган собор сыйынуусу, башкача айтканда – Сырдуу Евхаристияда куткаруучунун Өзүнүн Денесине жана Канына кошулуу экенин эстен чыгарбайлы.

Азыр улуу пасха кубанычын баштан кечирип жана Табыттан Тирилген Жашоо берген Христтин соопчулугу жана камкордугу менен кыялга батып, ошол куткаруучу жаңылык менен жакындарыбыз жана алыскы тааныштарыбыз менен бөлүшөбүз, алардын жаратгандын сүйүүсүнүн сөз жеткис нуруна балкып жана биз менен бирге *Жаратгандын жана Уулунун жана Ыйык Рухтун даңазалуу жана кереметтүү атын урматташын жана ыйык тутуусун* каалайбыз.

Христтин Тирилишинин баарынан улук куткаруучу жарыгы биздин жашоо жолубузду жарыктандырып, бизди агартып жана жан дүйнөбүздү тынч алдырып, Асман Падышалыгынын катышуучулары жана мураскорлору кылсын.

Кымбаттууларым, кубаныңыздар, анткени
**ЧЫНДАП ХРИСТ КУДАЙ ТИРИЛДИ!**

**МОСКВА ЖАНА ЖАЛЫ ОРУСИЯ ПАТРИАРХЫ**

*Христ Пасхасы,*
*2016-жыл*